Аткаруучу: **Съезбек Искеналиев**
**Ырдын аталышы: Күн айым**
**Сөзү : М.Ирсалиев**
**Обону : Э.Мээрканов**

Ачылбайт гүлдөр күн сайын,
Ашыктар билет гүл жайын.
Ай-жылдар канча өтсө да,
Ашыкмын сага, күн-айым.

Кайырма:
Жазыла бербейт күн сайын,
Жыпар жытын чачып гүл дайым.
Сезимге дайым чок салган,
Секетим, сенсиң – күн-айым.

Сезимдин отун жандырып,
Сен болдуң менин күн-айым.
Жоодурап кайда жүрөсүң?
Жоогазын гүлү, күн-айым.

Кайырма:

Жарпыбыз биздин жазылаар,
Жарк этип койчу гүл кайда?
Жолубуз биздин ачылып,
Жолуксак кана бир кайра.